“Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ колдонуу жоопкерчилигинин зонасына кирет.

- канализация боюнча- оюлган орду үйдөн биринчи турган канализациялык кудуктар, аларга канализациялык чыгаруулар туташылган.Оюлган орундун точкасы “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ колдонуу жоопкерчилигинин зонасына кирет.

3.2.2. Борбордук суукамсыздоо жана канализация системасынын калган колдонуучулары үчүн жеке үйлөрдү,ишканаларды жана уюмдарды киргизгенде – суутүтүк-канализациялык тармактардындагы колдонуу жоопкерчиликтин чеги менчик чеги (же баланстык таандыгы) менен дал келет.

3.2.3. Тараптар макулдашуу боюнча колдонуу жоопкерчиликтин зонасын кеңейтсе болот.

3.3. Үй ичиндеги (ички) суутүтүк жана канализациялык тармактарынын техникалык абалына аларга курулмалар жана түзүлмөлөргө жоопкерчилик жүктөлөт:

- “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ – анын колдонуу жоопкерчилигинин зонасында болгон (3.2.1. подпунктунда аталган үйлөр үчүн);

- жеке менчик ээсине же кожоюнга “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ колдонуу жоопкерчилигинин зонасынын жоктугу (3.2.2. подпунктунда аталган үйлөр,имараттар жана курулмалар ишканалар жана уюмдар үчүн);

3.4. Абоненттин менчигиндеги суутүтүк-канализациялык тармактарынын (жабдуулардын,курулмалардын) техникалык абалынын тйешелүү урунуу оордугун абонент көтөрөт. Суу түтүк-канализациялык тармактардын (жабдуулардын,курулмалардын) техникалык абалы коюлган нормаларга жана эрежелерге ылайык болуш керек.

3.5. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ карамагында турган курулмалардын,жабдуулардын жана мүлктөрдүн сакталышын абонент келишим негизинде камсыз кылат.

3.6. Абонент милдетүү:

- өз убагында түзүлгөн эки тараптуу келишимдин шарттарына ылайык ичүүгө жарактуу суугa,агымдарды кетирүү боюнча тейлөөгө,ошондой эле суутүтүк-канализациялык тейлөө боюнча нагыз аткарылган иштерге “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ төлөп бериши керек.

- өзүнүн эсебинен ичүүгө жарактуу суунун аспабын (сууөлчөгүч) сатып алып жана орнотушу керек.Жаңы киргизилген чарбалык-тиричилик жана өндүрүш суукеректөөгө азыркы Эрежелердин талаптарынын 2.1.пункту таратылат.